DOI:10.26104/NNTIK.2019.45

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 12, 2020

*Торогельдиева К.М., Аттокурова А.Дж.*

# ОКУТУУНУН НАТЫЙЖАЛАРЫ КОНТЕКСТИНИН НЕГИЗИНДЕ ЕВРОПАЛЫК ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮНҮ ӨНҮКТҮРҮҮНҮН АРТЫКЧЫЛЫКТУУ БАГЫТТАРЫ (акыркы он жылдык үчүн)

*Торогельдиева К.М., Аттокурова А.Дж.*

# ПРИОРИТЕТНЫЕ НАПРАВЛЕНИЯ РАЗВИТИЯ ЕВРОПЕЙСКОГО ВЫСШЕГО ОБРАЗОВАНИЯ В КОНТЕКСТЕ РЕЗУЛЬТАТОВ ОБУЧЕНИЯ (за последнее десятилетие)

*K.M. Torogeldieva, A.Dzh. Attokurova*

# PRIORITY DIRECTIONS FOR THE DEVELOPMENT OF THE EUROPEAN HIGHER EDUCATION IN THE CONTEXT OF LEARNING OUTCOMES (over the last decade)

*УДК: 371.3:51*

*Макалада окутуунун натыйжалары контекстинин негизинде Европалык мейкиндикте жогорку билим берүүнү өнүктүрүүнүн акыркы он жылдыктагы артыкчылыктуу багыттарын изилдөөнү максат кылдык. Ал үчүн Левен/ Лувен-ла-Нев (Бельгия) шаарындагы конференциянын коммюникеси, Бухарест коммюникеси, Ереван коммюникеси, Париж коммюникеси анализделди. Анализдөөнүн жыйынтыгында Европалык мейкиндикте жогорку билим берүүнү өнүктүрүүнүн акыркы он жылдыктагы артыкчылыктуу багыттары, аларды ишке ашыруунун жолдору жана механизмдери окутуунун натыйжалары контекстине көбүрөөк байланыштуулугун белгилөөгө жетиштик. Конференциялардын коммюникесинде акыркы он жылдыкта Европалык жогорку билим берүүнү өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттары катарында Улуттук квалификациялык рамкаларды иштеп чыгуу, студенттик уюмдар жана иш берүүчүлөрдүн өкүлдөрү менен кызматташтыуу, ECTSти ишке ашыруу, дипломго тиркемелерди даярдоо, квалификацияларды таануу жана окутуунун сапатын жогорулатуу үчүн окутуунун натыйжаларын ачык-айкын баяндоо жана колдонуу, Европалык жогорку билим берүү мейкиндигинин квалификациялар рамкасына (QF-EHEA) Дублин дескрипторлоруна негизделген кыска циклди кийрүү, квалификацияларды таануу жөнүндө Лиссабон конвенциясына ылайык улуттук мыйзамдарды иштеп чыгуу, университеттердин мурунку билимдерди таануу потенциалын жогорулатуу, 2018-20-жылдары Европалык жогорку билим берүү мейкиндигин квалификациялар рамкасына шайкештиктеги үч баскычтуу системада түзүү милдеттери коюлган.*

***Негизги сөздөр:*** *квалификациялык рамкалар, окутуунун натыйжалары, кыска цикл, Дублин дескрипторлору, квалификацияларды таануу.*

*В статье ставится цель по исследованию приоритетных направлений развития Европейского высшего образования за последнее десятилетие. Для этого были проанализированы коммюнике конференции в Лёвене/ Лувен-ла-Нев (Бельгия), Бухарестское коммюнике, Ереванское коммюнике, Парижское коммюнике. В результате анализа мы смогли уяснить, что приоритетные направления развития высшего образования в Европе за последнее десятилетие, а также способы и механизмы их реализации более зависимы от контекста результатов обучения. В коммюнике конференций приоритетными направлениями развития Европейского высшего образования за последнее десятилетие отмечены задачи, как разработки Национальных квалификационных рамок, реализация сотрудничества со студенческими организациями и работодателями, внедрение ECTS, подготовка приложения к диплому, четкое описание и применение результатов обучения для признания квалификаций и повышение качества обучения, введение короткого цикла на основе Дублинских дескрипторов в рамки квалификаций Европейского высшего образования (QF-EHEA), разработка национального законодательства в соответствии с Лиссабонской конвенцией о признании квалификаций, наращивание потенциала университетов по признанию предыдущих знаний, создание трехуровневой системы Европейского пространства высшего образования в соответствии с рамкой квалификаций в 2018-2020 годы.*

***Ключевые слова:*** *рамка квалификаций, результаты обучения, короткий цикл, Дублинские дескрипторы, признание квалификации.*

*In the comminiqué of the conferences, the priority areas for the development of European higher education over the past decade noted tasks such as the development of the National Qualifications Framework, the implementation of cooperation*

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



*with student organizations and employers, the implementation of ECTS, the preparation of the diploma supplement, a clear description and application of learning outcomes for the recognition of qualifications and improving the quality of education , the introduction of a short cycle based on Dublin descriptors in the qualifications framework of the European Higher Education (QF-EHEA), the development of national legislation in accordance with the Lisbon Convention on the Recognition of Qualifications, building the capacity of universities to recognize previous knowledge, the creation of a three-tier system of the European Higher Education Area in accordance with framework of qualifications in 2018-2020.*

***Key words:*** *qualifications framework, learning outcomes, short cycle, Dublin descriptors, qualification recognition.*

Болон процессине катышуучу 46 өлкөнүн жогорку билим берүү министрлери 2009-жылы Левен/Лувен-ла-Нев (Бельгия) шаарында жетишкендиктерди жыйынтыктоо жана Европалык жогорку билим берүү мейкиндигинин алдыңкы он жылдагы артыкчылыктуу (приоритеттүү) багыттарын белгилөө максатында конференцияга чогулушкан.

Болон процессинин акыркы он жылдын ичиндеги жетишкендиктери катарында Европалык жогорку билим берүү мейкиндигинин түзүлүшү; жогорку билим берүүнүн үч баскычтуу деңгээлинин (циклдердин) кабыл алынышы, Европалык стандарттардын жана сапатты камсыз кылуу принциптеринин иштелип чыгышы; Европалык мекемелердин сапатын камсыздоо реестринин түзүлүшү; окутууга жана Европалык жогорку билим берүү мейкиндигинин окуу жүктөмдөрүнө негизделген Улуттук квалификациялык рамкалардын иштелип чыгышы; дипломдун жана окутуунун ачык-айкындыгын камсыздоочу ECTS системасынын жайылтылышы белгиленген.

Андан сырткары алдыдагы он жылдыкта Европалык жогорку билим берүүнү өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу (приоритеттүү) багыттары аныкталган. Окутуунун натыйжалары контекстинин негизинде Европалык жогорку билим берүүнүн акыркы он жылдык үчүн артыкчылыктуу (приоритеттүү) багыттары катарында

- Өмүр бою билим алуу: студенттерди жогорку билим берүү чөйрөсүнө өмүр бою билим алууга негиздеп кеңири тартуу, үзгүлтүксүз билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн камсыздоо, 2012-жылы окутуунун натыйжаларына негизделген Улуттук квалификациялык рамканы иштеп чыгуу;
- Эмгекке жайгашуу: ЖОЖдор баштапкы квалификациянын деңгээлин жогорулатуу, квалификациялуу жумушчу күчүн сактоо жана жаңылоо үчүн өкмөт, башка ЖОЖдор, социалдык өнөктөштөр жана студенттер менен тыгыз кызматташуунун жыйынтыктарына негиздениши, ЖОЖдор өкмөт, мамлекеттик институттар жана иш берүүчүлөр менен кызматташуунун алкагында студенттердин жана бүтүрүүчүлөрдүн иш менен камсыз болушун, карьералык өсүшүн жакшыртышы, окуу программаларына стажировкаларды киргизүүнү жана иш ордунда окутууну колдоо;
- Инсанга багытталган окутуу: окутуунун натыйжалары контекстинде окуу программаларын кайра карап чыгуу; окумуштуулардын студенттик уюмдар жана иш берүүчүлөрдүн өкүлдөрү менен тыгыз кызматташтыкта **окутуунун натыйжаларын өркүндөтүшү;** ЖОЖдордун бардык деңгээлдеги билим берүү программаларында окутуунун сапатын жогорулатууга өзгөчө көңүл бурушу [1] белгиленген.

Окутуунун натыйжалары түшүнүгүн талдоонун жыйынтыгы төмөнкүлөрдү көрсөттү:

- **Окутуунун натыйжалары** – бул окуучудан окуу ишмердигинин натыйжасы катарында эмнелер күтүлүп жаткандыгы жөнүндө билдирүү (Jenkins and Unwin, 2001).
- **Окутуунун натыйжасы** – бул окуучулар окуу ишмердигинин натыйжасы катарында эмнени билүүсүн же аткара алышын аныктаган ырастоолор. Натыйжалар адатта билимдер, көндүмдөр же мүдөө түрүндө болушат (юридикалык китепканалардын Америкалык ассоциациясы).
- **Окутуунун натыйжалары** окутуунун натыйжасында окуучу эмнелерди билүүгө, түшүнүүгө жана аткара билүүгө тийиш экендигинин так баяндалышы болуп саналат (Bingham, 1999).
- **Окутуунун натыйжалары** – бул окуу процесси бүткөндөн кийин окуучу эмнелерди билүүгө, түшүнүүгө жана /же демонстрациялап берүүгө тийиш экендиги жөнүндө билдирүүлөр (ECTSти колдонуучуга жетектеме, 2005).
- **Окутуунун натыйжалары** биздин курстарды аяктоонун натыйжасында биз студенттерибиздин эмнени билүүсүн, түшүнүүсүн же аткаруу абалында болушун каалаганыбыздын айкын баяндалышы болот (Жаңы Түштүк Уэльс Университети, Австралия).
- **Окутуунун натыйжасы**: окуучу окуу мезгилинин аягында эмнени билүүсү, түшүнүүсү жана/ же демонстрациялай алышы керектиги жөнүндө расмий билдирүү (Gosling & Moon, 2001)
- **Окутуунун натыйжасы** – бул окуу мезгилинин аягында окуучу эмнелерди билүүгө, түшүнүүгө жана/же аткарууга тийиш экендиги жөнүндө билдирүү (Donnelly and Fitzmaurice, 2005).

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



- **Окутуунун натыйжасы** - бул окуу мезгилинин аягында окуучу эмнелерди билүүгө, түшүнүүгө, аткарууга тийиш экендиги жана бул окуу кан-дайча демонстрациялана тургандыгы жөнүндө ырастоо (Moon, 2002).

- **Окутуунун натыйжалары** программанын бүтүшүнө карата билимдер, көндүмдөр жана мамиле көз карашында окуучулар эмнени демонстрациялай тургандыгын баяндайт (Сапатты өркүндөтүү боюнча комитет, Техас университети).

- **Окутуунун натыйжасы** – бул модулдун/ курстун же квалификациянын бүтүшүндө ийгиликтүү студент/ окуучудан эмнени аткара алышы күтүлөрүн жазуу түрүндө билдирүү (Адам, 2004) [6].

Окутуунун натыйжаларына карата бул аныктамалар бири-биринен азыраак эле айырмалана тургандыгын жана түпкү маанисинде окутуу процессинде кайтарым байланышка да басым жасалышы, окуучу / студент ээ болгон билимдери, аларды түшүнүүсү жана колдоно билиши ачыкталышы үчүн мугалим тарабынан окутуунун мазмуну сыяктуу эле окутуунун натыйжалары да иштелип чыгышы зарыл экендигинде турат.

“Окутуунун натыйжалары” (learning outcomes) түшүнүгүн 2005-жылы Европа квалификациялар структурасын иштеп чыгуу боюнча жумушчу топ пайдаланган жана ECTSти колдонуучуга көрсөтмөдө (2005) так аныктамага ээ болгон: “**Окутуунун натыйжалары** – бул окуу процесси бүткөндөн кийин окуучу эмнелерди билүүгө, түшүнүүгө жана/же демонстрациялап берүүгө тийиш экендиги жөнүндө билдирүүлөр. Окуу процесси, мисалы, лекция, модуль же бүтүндөй программа болушу мүмкүн”.

Бухарест Коммюникеси Европалык жогорку билим берүү мейкиндигине кирген 47 өлкөнүн жогорку билим берүү министрлери тарабынан 2012-жылы Болон процессинин ийгиликтерин баалоо жана Европалык жогорку билим берүү мейкиндигин андан ары өнүктүрүүдөгү артыкчылыктуу багыттарды макулдашуу үчүн кабыл алынган. Анда экономикалык өсүштү жана демократиянын туруктуу өнүгүшүн камсыздоочу чыгармачыл, инновациялык, сынчыл ойлонгон жана жоопкерчиликтүү бүтүрүүчүлөрдү тарбиялоого колдоо көрсөтүү белгиленген. Бул коммюникеде Европалык жогорку билим берүү мейкиндигин бекемдөө үчүн **окутуунун натыйжаларын кийрүү зарылдыгы,** ECTSтин ийгиликтүү болушу, дипломго Тиркемелерди даярдоо, квалификацияларды таануу жана сапатты камсыздоо үчүн **окутуунун натыйжаларын** өнүктүрүү, түшүнүү жана практикада колдонуу чечүүчү мааниге ээ экендиги белгиленген. Билим берүү мекемелерине кредиттерди **окутуунун натыйжаларына** жана студенттердин жүктөмдөрүнө, **окутуунун натыйжаларына жетүүсүн баалоо** иш-аракеттерине байланыштырууну улантуу боюнча чакырык жасалган жана окутуунун натыйжалары контекстинин негизинде 2012-2015-жылдарга карата артыкчылыктуу багыттар катарында

- Инсанга багытталган, инновациялык окутуу методдорун; студенттерди жана окутуучуларды бардык деңгээлдеги башкаруу түзүмдөрүнө тартуу аркылуу шыктандыруучу окутуу чөйрөсүн өнүктүрүүгө шарттарды түзүү;
- Жумуш берүүчүлөр менен, айрыкча билим берүү программаларын иштеп чыгууда, кызматташууну өркүндөтүү аркылуу студенттердин жумушка жайгашуусун, үзгүлтүксүз билим алуусун, ишкердик жөндөмдүүлүктөрүн жогорулатуу;
- Окутуунун натыйжаларына негизделген квалификациялык рамкалардын, ECTSтин, дипломго тиркемелердин кийрилишин камсыздоо белгиленген [3].

Европалык жогорку билим берүү мейкиндигинин жетишкендиктерин талдап 2020-жылга карата артыкчылыктуу багыттарды аныктоо максатында 47 өлкөнүн жогорку билим берүү министрлери 2015-жылы 14-15-май күндөрү жолугушуп Ереван коммюникесин кабыл алышкан.

Ага ылайык билим берүү программалары студенттердин жеке каалоолоруна жана коомдун муктаждыктарына ылайык компетенцияларын өнүктүрүшү зарыл жана **окутуунун натыйжаларынын**, окуу жүктөмдөрүнүн **ачык-айкын баяндалышы,** окутуунун ийкемдүү жолдору, окутуунун жана баалоонун ылайыктуу усулдары менен колдоого алынышы керек. Мындан тышкары, студенттерди академиялык коомдоштуктун толук мүчөсү катарында башка кызыкдар тараптар сыяктуу эле окуу программаларын иштеп чыгууга жана сапатты камсыздоого катыштыруу милдети коюлган. Окутуунун ар бир циклинин аягында бүтүрүүчүлөрдүн учурдагы жана кийинки эмгек рыногуна компетенттүүлүгүн камсыздоо зарылдыгы жана ал үчүн иш берүүчүлөр менен диалогду бекемдөө, теориялык жана практикалык компоненттердин ортосундагы тең салмактуулукту сактаган программаларды ишке ашыруу жана бүтүрүүчүлөрдүн карьерасын өнүктүрүү колдоого алынган. Билим берүү жана жумушка орношуу боюнча студенттердин эл аралык мобилдүүлүгүн жогорулатууга жардам берүү зарылдыгы белгиленген.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



Жогорку билим берүүнүн инклюзивдүү системасын калыптандыруу үчүн жеткиликтүү жогорку билим алууга жана ийгиликтүү аяктоого мүмкүнчүлүк түзүү, гендердик балансты сактоо, педагогикалык адистиктеги студенттердин мобилдүүлүгүн колдоо иштери белгиленген.

Андан сырткары Европалык жогорку билим берүү мейкиндигинде сапатты камсыздоонун Стандарттары жана көрсөтмөсү, ECTSти колдонуучуга көрсөтмө кайра каралып чыккан жана биргелешкен билим берүү программаларынын сапатын камсыздоонун европалык ыкмасы кабыл алынган.

Окутуунун натыйжалары контекстинин негизинде алдыдагы милдеттер катарында

- кыска циклдин квалификацияларынын улуттук системаларда таанылышын камсыздоо үчүн Европалык жогорку билим берүү мейкиндигинин квалификациялар рамкасына (QF-EHEA) Дублин дескрипторлоруна негизделген кыска циклди кийрүү; мында “Дескриптор” термини квалификациялар рамкасына тиешелүү болуп түрдүү деңгээлдеги квалификациялар үчүн **окутуунун натыйжаларынын** жалпыланып баяндалышы болуп саналат. Дескрипторлордун системасы инварианттуу, б.а. конкреттүү билим берүүдөн жогору туруп, квалификацияларды салыштырууну жеңилдетет. Болон процессинде Европалык жогорку билим берүү квалификацияларынын рамкасынын курамдык бөлүгү болгон Дублин дескрипторлору ишке ашырылат. Дублин дескрипторлору жогорку билим берүүнүн ар бир циклинде **окутуунун натыйжаларын** баалоого макулдашылган талаптар болуп жогорку билим берүүнүн улуттук системаларында көбүрөөк деталдаштыруу аркылуу колдонулушу мүмкүн” [2].
- жумушка орношуу боюнча биринчи циклдин бүтүрүүчүлөрү үчүн компетенттүүлүк талаптарынын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу жана иш берүүчүлөрдү жогорку билимдин бардык квалификацияларын, анын ичинде биринчи циклди туура пайдаланууга үндөө;
- 2016-жылдын аягына чейин квалификацияларды таануу боюнча Лиссабон конвенциясын сактоонун улуттук мыйзамдарын карап чыгуу;
- жогорку билим берүү программаларынын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу жана мурунку билимге негизделген квалификацияны таануу максатында мурунку билимди таанудагы тоскоолдуктарды четтетүү, университеттердин мурунку билимдерди таануу боюнча потенциалын жогорулатууга көмөктөшүү;
- квалификациялардын рамкасындагы окутуу траекториялары мурунку окутууну адекваттуу таануусун камсыз кылуу максатында Улуттук квалификациялардын рамкасын карап чыгуу;
- кесиптин таанылышын жайылтуу үчүн өлкөлөрдүн жана волонтердук уюмдардын тобун түзүү.
- Европалык жогорку билим берүү мейкиндигиндеги башка өлкөлөрдүн квалификацияларынын тиешелүү улуттук квалификациялар менен бирдей деңгээлде автоматтык түрдө таанылышын камсыз кылуу [4].

Жогорку билим берүү министрлери акыркы жыйырма жылдыкта Сорбон декларациясын ишке ашыруудагы жетишкендиктерди белгилөө, Европалык жогорку билим берүү мейкиндигин андан ары өнүктүрүү боюнча чечкиндүү милдеттенмелерди кабыл алуу үчүн 2018-жылдын 25-май күнү Парижде жолугушуп коммюнике кабыл алышкан. Бул документте макулдашылган реформаларды жүзөгө ашыруудагы прогресстер жана милдеттер катарында

- көпчүлүк өлкөлөрдүн улуттук жана институционалдык практикасында "Европа жогорку билим берүү мейкиндигинде сапатты камсыз кылуу боюнча стандарттарды жана көрсөтмөлөрдү" (ESG) жүзөгө ашырууда жетишилген ийгиликтерди жана биргелешкен программаларды өнүктүрүү үчүн жогорку билим берүү системасында "Биргелешкен программалардын сапатын камсыздоого европалык мамилени" колдоо;
- ECTS (2015) колдонуучуга көрсөтмөдө берилген принциптерге ылайыктап ECTSтин толук аткарылышын камсыз кылуу;
- Лиссабон таануу конвенциясын жана Европа Кеңешинин / ЮНЕСКОнун сунуштарын, айрыкча качкындар, жер которгон адамдар жана качкындарга теңештирилген адамдардын кесиптик квалификацияларын таануу; квалификацияларды, мурунку окуу жүктөмдөрүн жана санариптик чечимдер менен колдоого алынган окуу мезгилин таануунун ачык жоболорун кабыл алуу;
- студенттердин жана бүтүрүүчүлөрдүн мобилдүүлүгүн өркүндөтүү максатында дипломго тиркемени санариптештирүү жана маалыматтарды коргоо мыйзамдарына ылайыктап студенттер боюнча маалыматтарды коопсуз, машина окуй турган жана шайкеш форматтарда алмашуу;
- студенттерди жумушка орношууга жана билимин өркүндөтүүгө даярдоо, жогорку билим алуунун жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу максатында ECTSке негизделген кыска циклдеги квалификацияны Европалык жогорку билим берүү мейкиндигинин квалификациялар рамкасына өз алдынча квалификация катары киргизүү (кыска мөөнөттүү квалификацияны

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



улуттук квалификациялык рамкага кандайча киргизүүнү ар бир өлкө өзү чечет).

2018-20-жылдары Европалык жогорку билим берүү мейкиндигинде сапатты жана кызматташууну чыңдоо үчүн эң маанилүү үч милдет коюлган:

- Европалык жогорку билим берүү мейкиндигин квалификациялар рамкасына шайкеш келген үч баскычтуу система жана ECTSте салыштырыла турган биринчи жана экинчи циклдер менен камсыз кылуу;

- квалификацияны таануу боюнча Лиссабон конвенциясын ишке ашыруу;

- Европалык жогорку билим берүү мейкиндигинде сапатты камсыздоонун стандарттарына жана жетектөөчү принциптерине жооп берген сапатты камсыз кылуу [3].

Болон процессинин негизги миссиясы билим берүүнүн сапатын камсыз кылууда турат. Өмүр бою билим алуу азыркы коом жана экономика, жарандардын жыргалчылыгы үчүн барган сайын маанилүү болуп баратат. Европалык жогорку билим берүү мейкиндигинде окутуунун инновациялык ыкмалары боюнча кызматташташуу учурдун талабы болууда.

Европалык жогорку билим берүү мейкиндигин түзүү, Улуттук квалификациялык рамканы иштеп чыгуу, инсанга багытталган окутууну ишке ашыруу, окуу жүктөмдөрүн ачык-айкын баяндоо, ECTSти ишке ашыруу, дипломго Тиркемелерди кошуу, квалификацияларды таануу жана окутуунун сапатын жогорулатуу окутуунун натыйжалары контекстинде ишке ашырылып жаткан шартта окутуунун натыйжаларын жакшыртуу, түшүнүү жана практикада колдонуу чечүүчү ролду ойнойт жана окутуунун натыйжаларын өркүндөтүү боюнча илимий изилдөөлөрдүн актуалдуулугу талашсыз деген жыйынтыкка келүүгө болот.

**Адабияттар:**


1. Болонский процесс 2020 – европейское пространство высшего образования в новом десятилетии. Коммюнике Конференции европейских министров, ответственных за высшее образование Левен / Лувенла Нев, 28-29 апреля 2009 года / Высшее образование в России. - №7, 2009. - С. 156-162.
2. Глоссарий терминов Болонского процесса. 27 мая 2010 г. - 25 с.
3. Парижское коммюнике. Париж, 25 мая 2018 г. / Высшее образование в России. - № 11, 2018. - С. 149-153.
4. Бухарестское коммюнике https://www.coe.int/t/dg4/highereducation/2012/Kommjunike.pdf
5. Ереванское коммюнике https://enic-kazakhstan.kz/uploads/bologna_files/15/file/10_erevan_2015.pdf?cache=1552993377
6. Kennedy, D. (2007). Writing and using learning outcomes: A practical guide. Cork: Quality Promotion Unit, University College Cork.